**ОшМУнун Эл аралык медицина факультетинин**
**анатомия, гистология жана нормалдуу физиология кафедрасынын**
**кезектүү отурумунун**

# №7 ПРОТОКОЛУ

**2026-жылдын 10-февралы**

*Өтүлүүчү жай: Ош ш., ЭАМФ, АГНФ кафедрасы, 108-окутуучулар каанасы*

1. Төрага –Джолдубаев С.Дж.
2. Катчы – Ташимбетова Ү.К.
3. Катышкандар: 19
4. Катышпагандар: 2

## Күн тартибинде:

1. **Кафедранын окуу-усулдук ишинин абалы жөнүндө (Жооптуу: К.З.Максимова);**
2. **2025-2026-окуу жылынын II жарым жылдыгындагы кафедранын дисциплиналары боюнча БКФти даярдоо жана бекитүү жөнүндө (Жооптуу: К.З.Максимова);**
3. **Негизги билим берүү программасы жана окуу натыйжаларын талкуулоо жөнүндө (Жооптуу: З.Ж.Тойчиева);**
4. **Ар түрдүү маселелер.**

**Угулду. Кафедра башчы С.Дж.Джолдубаев сөзгө чыгып,** окутуучуларды күн тартибиндеги суроолор менен тааныштырып, 1-маселе боюнча маалыматты берүү үчүн сөздү кафедранын окуу-усулдук иштери боюнча жооптуу К.З.Максимовага берди.

**Угулду 1.1. Окуу-усулдук кеңешинин төрайымы К.З.Максимова сөзгө чыгып,** быйылкы окуу жылындагы кафедранын окуу-усулдук ишинин абалы тууралуу, тактап айтканда окуу пландары, силлабустардын жаңылангандыгы, окуу-усулдук колдонмолордун даярдалышы жана басмадан чыгарылышы, ачык сабактардын жана өз ара сабактарга катышуулардын уюштурулушу, окутуучулардын катышуусундагы студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу боюнча жүргүзүлгөн иштер, окуу-усулдук материалдарды жаңыртуу, сабактарды инновациялык ыкмаларды колдонуу менен өтүү жана илимий-методикалык иштерди активдештирүү боюнча маалымат берди.

**Угулду. 2-маселе боюнча К.З.Максимова сөзүн улады:** 2025-2026-окуу жылынын II жарым жылдыгына карата кафедранын дисциплиналары боюнча баалоо каражаттарынын фондунун абалы боюнча сүйлөдү, анда тесттик суроолордун сапатын жакшыртуу, компетенттүүлүккө негизделген баалоону күчөтүү жана тесттик суроолордун деңгээлин дифференциациялоо боюнча сунуштарын беришти.

**Угулду 2.1. Кафедранын улук окутуучусу М.К.Нуруев сөзгө чыгып**, тесттик суроолорду, ситуациялык тапшырмаларды ар бир сабакта көбүрөөк колдонсо, студенттердин сынакка чейин алдан ала даяр болуп калышына өбөлгө түзүлөөрүн кошумчалады.

**Угулду 3. Кафедранын завучу З.Ж.Тойчиева 3-маселе боюнча сөзгө чыгып,** негизги билим берүү программасынын түзүмү, максаты жана милдеттери тууралуу маалымат берди. Окуу натыйжалары боюнча окутуучулар төмөнкү маселелерди талкуулашты: жалпы жана кесиптик компетенциялардын так аныкталышы, дисциплиналар менен окуу натыйжаларынын өз ара байланышы, окуу натыйжаларын баалоо механизмдери, практикалык даярдыктын деңгээлин жогорулатуу жолдору, айрым

Сканировано с CamScanner

окуу натыйжаларын тактоо, формулировкаларды компетенттүүлүккө багытталган форматта кайра карап чыгуу, практикага багытталган компоненттерди күчөтүү.

**Угулду. Ар түрдүү маселелер боюнча кафедра башчысы С.Дж.Джолдубаев сөзүн улады:** "560100 – коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина багыты боюнча ОЗиЗмед-1-23 тайпасынын PhD докторанты Пайзилдаев Тимур Рашидиновичтин чет өлкөлүк илимий жетекчисин алмаштыруу маселеси каралууда. Докторанттын диссертациялык ишинин темасы: кыргыз тилинде – «ЭАФК көз карашы боюнча айлана-чөйрөнүн булгануу шарттарында жашаган эркектердин ден соолугунун абалына баа берүү»; орус тилинде – «Оценка состояния здоровья мужчин, проживающих в условиях загрязнения окружающей среды с позиций МКФ»; англис тилинде – "Assessment of health status of men living in polluted environments from the ICF perspective". Ата мекендик жетекчиси м.и.д., профессор Калматов Роман Калматович. Ал эми мурда бекитилген чет өлкөлүк илимий жетекчиси Сергеев Олег Владимировичтин (медицина илимдеринин кандидаты, Россия Федерациясы) ордуна Slawomir Letkiewiczти (медицина илимдеринин доктору, профессор, Польша Республикасы) чет өлкөлүк илимий жетекчи катары дайындоо сунушталып жатат. Диссертациялык иштин темасы өзгөрүүсүз калат",-деп сөзүн жыйынтыктады.

Жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап, айтылган сунуштарды эске алуу менен анатомия, гистология жана нормалдуу физиология кафедрасы төмөнкүдөй

## Токтом кылат:

1. **Кафедранын окуу-усулдук ишинин абалы канааттандырарлык деп табылсын.**
2. **2025–2026-окуу жылынын II жарым жылдыгындагы кафедранын дисциплиналары боюнча даярдалган БКФтер каралып, бекитилсин.**
3. **Негизги билим берүү программасы жана окуу натыйжалары боюнча берилген маалымат эске алынсын жана мындан ары да аларды өркүндөтүү боюнча иштер улантылсын.**
4. **Т.Р.Пайзилдаевдин илимий темасы кыргыз тилинде – «ЭАФК көз карашы боюнча айлана-чөйрөнүн булгануу шарттарында жашаган эркектердин ден соолугунун абалына баа берүү»; орус тилинде – «Оценка состояния здоровья мужчин, проживающих в условиях загрязнения окружающей среды с позиций МКФ»; англис тилинде – "Assessment of health status of men living in polluted environments from the ICF perspective" өзгөрүүсүз калтыруу менен чет өлкөлүк илимий жетекчиси Сергеев Олег Владимировичтен (медицина илимдеринин кандидаты, Россия Федерациясы) ордуна Slawomir Letkiewiczке (медицина илимдеринин доктору, профессор, Польша Республикасы) алмаштырылсын.**

**Төрага:** С.Дж.Джолдубаев

**Катчы:** Ү.К.Ташимбетова

Сканировано с CamScanner

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Эл аралык медицина факультети**
**анатомия, гистология жана нормалдуу физиология**
**кафедрасынын кезектүү отуруму**

**2026.10.02.**

## КАТЫШУУ БАРАКЧАСЫ

| № | Аты-жөнү | Кызматы | Колу | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Джолдубаев Сагынбек Джаркынбаевич | Кафедра башчысы, м.и.к., доцент | | |
| 2 | Аргынбаева Акмарал Турдалыевна | Б.и.к., доцент | | |
| 3 | Тороев Дурусбек Исанович | Улук окутуучу | | |
| 4 | Нуруев Мирлан Камалович | Улук окутуучу | | |
| 5 | Асанбек кызы Канымгул | Улук окутуучу | | |
| 6 | Пайзилдаев Тимур Рашидинович | Улук окутуучу | | |
| 7 | Алимбекова Айпери Алимбековна | Окутуучу | | бальничн. |
| 8 | Арапов Алимбек Замирович | Ассистент-стажер | | |
| 9 | Ашимов Урмат Арстанбекович | Окутуучу | | |
| 10 | Байгашкаев Эртегин Сапарбекович | Окутуучу | | |
| 11 | Бакиров Санжар Бакирович | Окутуучу | | |
| 12 | Киргизбаева Умида | Окутуучу | | экертүү |
| 13 | Максимова Канышай Зариповна | Окутуучу | | |
| 14 | Манас кызы Уулкан | Окутуучу | | |
| 15 | Орозбек  уулу Турсунбек | Окутуучу | | |
| 16 | Ташимбетова Умут Капаровна | Окутуучу | | |
| 17 | Тойчиева Зарина Жамалдиновна | Окутуучу | | |
| 18 | Эргешова Аида Масалбековна | Окутуучу | | |
| 19 | Шералиева Самара Ибраимовна | Методист | | |
| 20 | Кубанычбек кызы Асел | Лаборант | | |
| 21 | Сонунбек кызы Бубусара | Улук лаборант | | |

Сканировано с CamScanner